УДК 79:791


Илипбаев Т.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ОЮН-ЗООК ЖАНА ТОК-ШОУ ПРОГРАММАЛАРЫН ТҮЗҮҮ МОДЕЛИ

Журналисттин профессионалдык ишмердүүлүгүнүн негизги мазмуну болуп коммуникативдик телебилдирүүнү даярдоо эсептелет. Программаны ийгиликтүү даярдоо үчүн аны уюштуруучулар бир нече этаптардан турган иш-чараларды аткаруусу керек. Белгилүү россиялык окумуштуу Л.В.Матвеева жетекчилик кылган автордук коллектив программа даярдоо этаптарынын схемасын иштеп чыгышкан:

***Этаптардын аталышы*** — ***Ар бир этаптын мазмуну***



Каталарды оңдоо, толуктоо

сүрөттөлүштү салыштыруу)

**5. Берүүнү өткөрүү**

Эфирге даярдоо

Жогорудагы схемада көрүнүп тургандай, телеберүүнүн даярдоонун 5 этабы бар. Телеберүүнү түзүү процесси, бир жагынан алганда, өз ичине активдүү маалыматтык издөөнү, вербалдык деңгээлде интенсивдүү креативдик топтук ишмердүүлүктү, ойлоп табылган ...ш келе турган визуалдык татаал метафораларды түзүүнү, ...ы тартууну камтыса, экинчи жагынан, ал автордук ...огорку коммуникативдик активдүүлүктү, кыска убакыттын ...ынтыктарга жетүү ...а башкара алуу мүмкүнчүлүгүн, ар бир мүчөнүн уюштуруучулук дараметинин жана күчтүү эркинин болушун талап кылат.

Телеберүүнү уюштуруу этаптарын анализдөө көрсөткөндөй, авторлордун ички ой-жүгүртүүсү экстерозацияга кабылат, башкача айтканда, жекече ой-жүгүртүү процесси топтук деңгээлге көтөрүлөт, ал эми ой-жүгүртүү процесси тыштан алынып, телеберүүдө материалдашат. Телеберүүнү түзүүчүлөрдүн инсандык жана професионалдык өзгөчөлүктөрү берүүнүн мазмунун аныктайт.

Журналисттик практика көрсөткөндөй, берүүнү түзүүнүн акыркы этабында, тактап айтканда, даяр берүүнү жоопту редакторго өткөргөн учурда авторлордун өз эмгегинин жыйынтыгына болгон кызыкчылыгы жоголот. Берүүнү даярдоонун алгачкы этаптарында автордук коллектив ар дайым интеллектуалдык, эрктик жана коммуникативдик чыңалууда жүрүшсө, берүүнү өткөрүү убактысы аларга кубаныч жана жоготуу сыяктуу сезимдерди тартуулайт.

Телекөрсөтүүнүн автордук коллективинин психологиялык абалын, белгилүү психолог Ч.Чиксентмихайинин аныктамасы боюнча «ишмердүүлүккө берилүү» деп атасак болот. «Ишмердүүлүккө берилүү» феномени адамдын белгилүү бир субьективдүү абалында бардык көңүл-оюнун бир багытка топтолушу жана мотивацияланышы менен байланышкан. Алсак, илхам келүү, эстетикалык ырахат алуу, медитация, жогорку абалда чыңалуу, индентификация жана эмпантия. Чиксентмихайинин ою боюнча, мындай абалдын бөтөнчөлүгү катары жаңы продукцияны жаратууда жана ийгиликке жетүүдө иш менен толук алек болуу, ага баш оту менен кирип кетүү, жыйынтыгы чыккан соң ага болгон кызыкчылыктын жоголушу.

Чыгарма жаратууда, ага баш оту менен кирип кетүү абалында телекызматкерлер иш күнү эбак бүтсө да үйлөрүнө кетишпей, ооруп жатканына карабай студияга келишип, иш учурунда жалаң гана профессионалдык моменттер тууралуу, чыгарманын мазмуну жөнүндө талкуулашып, бири-бирине бардык учурларда жардам берүүсү катардагы көрүнүш катары кабыл алынат. Мындан улам, телеберүү маалыматтык агымды гана бербестен, аны даярдоого катышкан адамдардын абалын да аудиторияга жеткирет.

Серепчилер телекызматкердин ийгиликтүү профессионалдык ишмердүүлүктү аркалоосуна жардам бере турган психологиялык факторлор катары тиешелүү билимдин, мүмкүнчүлүктүн жана тажрыйбанын болушун белгилешет. Алардын ою боюнча, телекызматкер төмөнкүлөрдү билиши керек: өзүнүн тобун, техникасын, тартылган материалдарын; эрудициялуу болуп, кеңири дүйнөтаанымы болушу кажет; теманын алкагында маалыматы болуп жана компетенттүү болушу (элдерди, адабияттарды, турмуштук баалуулуктарды, маалымат булактарын билүү) зарыл; ассоциациялык ой-жүгүртүүгө жана иш тажрыйбага эгедер болушу.

**Төмөнкүдөрдү жасай билиш керек**: чыгармачыл топтун ишин (шарт түзүү) уюштуруу; ар кыл уюмдар (адамдар) менен мамиле түзүү; ар түрдүү маалымат булактары менен иштөө; берүүнүн каармандарынын – адамдардын – мүнөздөрүн аныктай билүү; сценарийдин текстинин үстүндө талбай жана тыкан иштөө, компьютерде иштей билүү;

берүү даярдалып жаткан мезгил аралыгында образын акыл-ойдо элестетип жүрүү.

**Керектүү тажрыйбалар**: элдин камеранын алдында эркин сезиши үчүн, алар менен сүйлөшө билүү; чыгармачылык топко адамдарды тандай билүү; тартуу процессин башкара жана уюштура билүү; видеоматериалды, үн менен сүрөттөлүштү айкалыштыруу аркылуу професионалдык деңгээлде монтаждоо; материалды жалпылап, системалап, негизги элементтерин бөлүү аркылуу логикалык таризде түзүп чыгуу; режиссердук карта аркылуу так эсептөө; иш үстүндө жаңы нерселерди табуу жана образдуу ойлоно билүү.

**Телекызматкердин эң маанилүү сапаттары катары** серепчилер төмөнкүлөрдү белгилейт: элдер менен байланыш түзө билүү, кимди тартып жатсаң, ага карата мамиле табуу; автордук ойду жоготуп албоо, алдын-ала түзүлгөн картаны чаташтырып албоо жана тартууга бардыгын даярдап, керектүү нерселердин баарысын тартып алуу; автордук ой менен практикалык иштин дал келиши; эч нерсени унутта калтырбоо, ар дайым жаңы нерсе түзүлүп жаткандыгын унутпоо жана максаттардан четтеп кетпөө; эл менен иштеше билүү жана алардын эмнеге жөндөмдүү экендигин билүү; интуициянын болушу, сюжеттин жүрүшүн жазып чыгуу жана тартуу процессин ойлонуу; «жандуу» берүүнү жасай билүү мүмкүнчүлүгүнүн болушу; так эсептөө жана берүүнүн формасын тандоо.

**Берүүнү даярдоо процессине тоскоол болгон каталар**: темага терең киришпөө; ишканада бардыгы толук каралган эмес (техниканын саны, пленкалардын саны жана сапаты, техникалык коопсуздук маселелери); чыгармачылык катачылыктар (паузалар, динамика, тиешелүү планда же фокуста тартылбай калган моменттер); майда бөлүктөргө кызыгып отуруп жана монтаж учурунда программанын бүтүндүгүн жоготуп алуу; керек нерсе тартылбай, жаңы идеялардын келиши менен шашылыш түрдө, стресстик абалда кереги жок, так эмес материалдарды тартуу; элге көңүл бурбоо; чыгармачылык процессти начар уюштуруу (берүүнүн формасы туура эмес тандалат, чыгармачылык бригада туура эмес топтолгон, чыгармачылык климат начар уюштурулган).

**Программаны даярдоодо автор туш келген кыйынчылыктар**: автордун жана жетекчинин темага болгон түрдүү мамилеси; темага, тартуунун фокусу менен методдоруна карата көз караштардын натыйжасында топтун ичинде келип чыккан чыгармачылык конфликттер; бардыгын уюштурууга, алдын-ала эсептөөгө, тартып калууга мүмкүнчүлүктүн жетишсиздиги; аң-сезимдин чыңалуусу жана чарчоо; таанbackган адамдар менен сүйлөшүүдө толкундануу; инерттүүлүк же токтоно албай калуу, жол бошотуп чыга берүү; сүйлөмдү так түзө албастык, негизги ойду таап алуунун жоктугу; «кыйкырып-өкүрүү, тегеренип чуркоо, басуу, туруу, элдердин жинине тийүү» көрүнүштөрү; өзүң бир эле учурда автор жана аткаруучу болгондо материалдын эмоционалдуу боёкто жасалып калышы; жардам алуу үчүн расмий уюмдарды ишендирүү, элди кызыктыруу, толтура материал чогултуп алуу; экрандан бардыгын көрсөтүүгө болбой тургандыгына байланыштуу кыйынчылыктар.

Телеберүүлөрдү уюштуруу этаптарында керек болуучу профессионалдык сапаттар:

**Интеллектаулдык жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөр**: фантазия, импровизация; ойлоп табуучулук, табышкерлик; профессионалдык сезим, интуиция; кабыл алуучулук, эсте калаарлык, эмоционалдуулук; талант, дарамет; көңүл буруучулук (көңүл буруну бөлүштүрө билүү); кызыкдар болуу; баш оту менен киришүү; тамашакөйлүк; көркөм чечилиштерди жасай билүү; сүйлөй билүү; ой-жүгүртүүнүн образдуулугу; элестетүүнүн динамикасы; бирдиктүүлүктү көрө билүү, негизгини бөлүп жыйынтыктай алуу; жакшы оперативдүү жана узакка сакталган эске тутуунун болушу; сынчылдык жана кыраакылык.

**Эрк жана уюштуруучулук дарамет**: туруктуулук, талапкөйлүк, күчтүүлүк, кызматкерлерге карата катуулук; мобилдүүлүк, максаттуулук, көтөрүмдүүлүк, тырышчаактык, жоопкерчилик, өз алдынчалык, ишенимдүүлүк, салкын кандуулук.

**Коммуникативдик дарамет**: сөзмөр, мамилелештик, коммуникабелдүүлүк, артисттик, кыймылдуулук.

**Моралдык сапаттар**: айкөлдүк, боорукердик, маданияттуулук.

Телекызматкердин жогоруда белгиленген сапаттарды колдоно билүүсү ал түзүп жаткан программанын ийгиликтүү ишке ашышына өбөлгө түзөт. Серепчилер программа түзүүгө чейинки сапаттардан тышкары, программаны иштеп чыгууда дагы телекызматкер ээ болгон сапаттардын тизмесин берет. Анда:

Жакшы сапаттар: күчтүүлүк, табышкердик, ишенимдүүлүк, эмоционалдык кыймыл, ийкемдүүлүк, образдуу ой-жүгүртүү, жеңил жана жандуу сүйлөшүү, кыйынчылыктарды көтөрө билүү, тыкандык, жоопкерчилик, эмоцияны кармай билүү, адамдарга болгон сүйүү, боорукерлик, маданияттуулук, адабий тажрыйба, туруктуулук, куулук, элдүүлүк, «керектүү адамдардын астында» кошоматчылык.

Иш аркасында алган тескери (кереги жок) сапаттар: эгоисттик, пассивдүүлүк, басынуу, уялчаактык, инертүүлүк, түнттүк, жөнөкөйлүк, тыкан эместик, жайбаракаттык, унутчаактык, жоопкерчиликсиздик, снобизм, чийкилик, элдерге көңүл бурбоо, көөп кеткендик, шалакылык, илээндилик, көңүлдү бөлүштүрө билбегендик.

Оюн-зоок, ток-шоу программаларын уюштурууда жогоруда белгиленгендерди пайдалана билүү даярдап жаткан программанын жогорку деңгээлде даярдалышына шарт түзөт. Көңүл ачуучу программаларды даярдоо жөн гана кол шилтеп коюу эмес, тескерисинче, ага жоопкерчиликтүү мамиле талап кылынат.

**Адабияттар:**


1. Алагушев А.К., Сариева Э.К. Стандарты общественного телерадиовещания. Справочник для журналистов. – Бишкек, 2005.
2. «АнтенТВ» телерадиокомпаниясынын архивдик материалдары.
3. Ворошилов В.В. Журналистика. Базовый курс. Учебник. – СПб., 2004.
4. Вартонов А.С. Актуальные проблемы телевизионного творчества на телевизионных подмостках. -М., 2003.
5. Вакурова Н.В., Московкин Л.И. Типология жанров современной экронной продукции. -М.,1998.
6. Егоров В.В. Телевидение между прошлым и будущим. – М., 1999.
7. Корконосенко С.Г. Основы журналистики: Учебник. – М., 2007.
8. Князев А.А. Основы тележурналистики и телерепортажа. Учебное пособие. – Бишкек, 2001.
9. Кузнецов Г.В. ТВ-журналистика: критерии профессионализма. – М., 2002.
10. Матвеева Л.В., Аникеева Т.Я., Мочалова Ю.В. Психология телевизионной коммуникации. – М., 2002.
11. Полукаров В.Л. Телерадиореклама: инновационные технологии. – М., 1998.
12. Прохоров Е.П. Введение в теорию журналистики. Учебник. – М., 2007.
13. Рогожин М.С., Чистякова И.А. Основы современной радио журналистики. Учебное пособие. – Бишкек, 2002.
14. Силонов И.А. Авторское право в шоу-бизнесе. Нормативные акты и комментарии. – М., 2001.
15. Телевизионная журналистика. Учебник. 2-е издание // Редколлегия: Г.В.Кузнецов, В.Л.Цвик, А.Я.Юровский. - М.: Изд-во МГУ, 1998.
16. Фрумкин Г. Школа начинающего сценариста. – М., 1997.